Аманатка кыянат кылба

**Зина АСАНКОЖОЕВА,** Улуттук банктын төрайымы:

# “Жеке адамдардын аманатынан кошумча салык алынбаш керек”



***- Зина Мукаевна, 2014-жылдан тарта банктагы аманаттарга кошумча нарк салыгы салынат дегени чынбы? Эгерде чын эле ушундай болсо, бул эмне менен байланышкан?***

- Учурда КРнын Каржы министрлиги бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоо үчүн мыйзам долбоорун сунуштоодо. Ага ылайык, 2014-жылдын 1-январынан тарта банктардагы аманаттардагы пайыздык кирешелерден кошумча нарк салыгы алынып баштайт.

***- Эгерде мыйзам кабыл алынса, анда анын кандай кесепеттери болушу мүмкүн?***

- Бүгүнкү күнү жеке адамдардын депозиттик базасы насыялоодо негизги булак болуп, ал негизинен орточо кирешеси бар жарандардын аманаттарынан негизделип, анын ичине бюджеттик тармактагы кызматкерлердин дагы каражаттары бар.

*2013-жылдын 30-ноябрына карата жеке жактардын депозиттери 28,5 млрд. сом же болбосо банк системасындагы депозиттик базанын 41,7% түзгөн. Депозиттер боюнча орточо теңделген пайыздык чендер (агымдар) 2013-жылдын 30-ноябрына карата 4,09% жеткен.*

Эгерде каралып жаткан Мыйзам долбоору күчүнө кирсе, анда жыл сайын бюджетке аманаттардан алынган кошумча нарк салыгы жалпы салыктык чогултууда анын көлөмү байкалгыс эле болот. Маселен, банктардагы аманаттардан алынган салык, эгерде бул ишке кирсе, жалпы салыктын болгону 0,8% гана көлөмүн түзөт. Эгерде жеке адамдардын аманаттарынан кошумча нарк салыгы алынып баштаса анын кесепеттери, албетте терс таасир этет. Демек, депозиттик базанын өсүү темпи солгундашы мүмкүн. Бул өз кезегинде экономиканын реалдуу секторун каржылоого терс таасирин тийгизмекчи. Мындан тышкары, экономиканы өнүктүрүүдө банк тармагындагы аманаттар боюнча көрсөткүчтөрдү болжолдоо дагы өзгөрөт. Дагы бир эске алуучу жагдай- аманаттарга салык салууну кредиттөөдө пайыздык чендердин жогорулашына алып келет. Айта кетчү маселе, нак эмес акча айлантуунун көлөмү дагы кыскарып, калк коммерциялык банктардагы кирешелеринин кыскарышынын кесепеттеринен улам, өз каражаттарын сактоонун альтернативдүү жолдорун издеп башташат. Ошондой эле, банктарга багытталып салынган калктын сактоолорунун өсүшүү камсыздалбай, насыялоо кыскарып, экономиканын өнүгүшүнө кедергисин тийгизет.

**Жылдыз Мураталиева**